УДК: 81.36:881

**Сагынбаева Б.**
филология илимдеринин доктору,
профессор
*Кыргыз-Түрк "Манас" университети*
**Акматова Т. А.**
Ага окутуучу
*И. Арабаев атындагы КМУ*

# КЫРГЫЗ, ӨЗБЕК ТИЛДЕРИНИН ЖӨНДӨМӨЛӨРҮНДӨГҮ ФОНЕТИКАЛЫК ОМОНИМИЯ

**Сагынбаева Б.**
доктор филологических наук,
профессор
*Кыргызско-Турецкий университет «Манас»*
**Акматова Т. А.**
Старший преподаватель
*КГУ им. И. Арабаева*

# ФОНЕТИЧЕСКАЯ ОМОНИМИЯ В ПАДЕЖАХ КЫРГЫЗСКОГО, УЗБЕКСКОГО ЯЗЫКОВ

**Sagynbaeva B.**
*Doctor of Philology, Professor*
*Kyrgyz-Turk "Manas" universities*
**Akmatova T. A.**
Senior lecturer
*I. Arabaev KSU*

# PHONETIC HOMONYMY IN THE CASES OF THE KYRGYZ AND UZBEK LANGUAGES

**Аннотация**. Макалада кыргыз, өзбек тилдериндеги жөндөмө мүчөлөрүнүн түшүп колдонуусу, тагыраак айтканда фонетикалык омонимия эки тилдин диалектилеринде кандайча ишке ашары мисалдардын негизинде каралат. Айрыкча илик, табыш жөндөмөлөрүнүн мүчөсүнүн түшүп колдонулуусу окумуштуулардын изилдөөлөрүнун негизинде талданат.

**Негизги сөздөр**: кыргыз, өзбек, жөндөмө, келишик, илик жөндөмө, караткич келишиги, табыш жөндөмөсү, тушум келишиги, шева, диалект, говор, түштүк диалектиси ж.б.

**Аннотация** В статье рассматривается использование падежных членов в кыргызском и узбекском языках, а именно на примерах того, как фонетическая омонимия реализуется в диалектах обоих языков. В частности, на основе исследований ученых анализируется использование падающего члена в способностях к зарабатыванию.

**Ключевые слова**: кыргызский, узбекский, падеж, келишик, родительный падеж, караткич келишик, творительный падеж, тушум келишик, шева, диалект, говор, южный диалект и т. д.

**Annotation.** The article examines the use of case terms in the Kyrgyz and Uzbek languages, namely, using examples of how phonetic homonymy is implemented in the dialects of both languages. In particular, based on the research of scientists, the use of a falling penis in earning abilities is analyzed.

**Keywords**: Kyrgyz, Uzbek, case, kelishek, genitive case, karatkich kelishik, creative case, sheva, dialect, patois, southern dialect, etc.

Түрк тилдеринин жөндөмөлөр системасында, анын ичинде кыргыз жана өзбек тилдеринде жөндөмө мүчөлөрүнүн түшүп колдонулушу же бир жөндөмө мүчөсүнүн экинчи бир жөндөмөнүн милдетин аткарышы мыйзам ченемдүү эле көрүнүш. Муну илимде фонетикалык омонимия деп да аташат. Түрк тилдериндеги фонетикалык омонимия ошол тилдердеги тарыхый процесстин тил аркылуу чагылуусунун

көрсөткүчү болуп эсептелет. Макалада кыргыз жана өзбек тилдериндеги фонетикалык омонимия маселесин атооч, илик жана табыш жөндөмөлөрүнүн мисалында кароону максат кылдык.

Кыргыз кыргыз тилиндеги илик жана атооч жөндөмөлөрүнүн фонетикалык жактан бири-бирине дал келүүсү кыргыз тилиндеги таандык байланышында турган сөз айкаштарында гана байкалса, өзбек тилиндеги атооч (бош), илик (караткич) жана табыш (тушум) жөндөмөлөрүнүн фонетикалык жактан дал келүүсү алардын контекстте колдонуусунда да айкын көрүнөт.

Кыргыз жана өзбек тилдериндеги атооч (бош) жана илик (караткич) жөндөмөлөрү грамматикалык маанилери боюнча анчалык айырмаланбайт. Төмөндө эки тилдеги жөндөмөлөрдүн кызматы, сүйлөм ичинде түшүп айтылышы тууралуу окумуштуулардын пикирлерине токтолобуз.

Кыргыз тилиндеги айрым жөндөмөлөр системасындагы дал келүүчүлүк жана тилди алып жүрүүчүлөрдүн кебиндеги синтаксистик конструкцияларды жасоо мезгилинде жөндөмөлөрдүн "орун бошотуусун", б.а., атооч жөндөмөсү башка жөндөмөлөрдүн милдетин аткаруусун И.А.Батманов төмөнкүчө белгилеген: Употребление основного падежа в киргизском языке рассмотрим отдельно в следующих случаях: 1) в значении прямого падежа; 2) в значении косвенных падежей (пережитки случаев "расширения" значения основного падежа для обслуживания новых представлений, когда не сложилась еще специфическая для них форма. В современном употреблении этого падежа обнаруживается передача неопределенных (абстрактных) объектов; 3) в значении косвенных падежей, при опущении формальных элементов (здесь основной падеж выступает уже с заместительной функцией). [И.А.Батманов: 1938, 45] Окумуштуу бул жерде атооч жөндөмөсүнүн табыш жөндөмөсүнүн милдетин аткарган учуруна токтолгон. Бирок көбүнчө кыргыз тилинде, анын дилектилеринде изафеттик формадагы сөз айкаштарынын типтерин уюштурууда илик жөндөмөсүнүн морфологиялык көрсөткүчү талап кылынбайт. Кыргыз тилиндеги мындай грамматикалык өзгөчөлүк көбүн эсе топонимияда сакталган. Мисалы, Чүй талаасы, Ала-Арча коругу ж.б.

Бул жөндөмө мүчөсү кыргыз тилинде көпчүлүк учурда сакталып айтылганы менен айрым учурларда сакталбай эле колдонулат. Илик жөндөмөсүнүн мүчөсү сакталып айтылганда таандык кылуу маанилери ачык, даана көрүнүп турарын, ал эми сакталбай калган учурларда таандык маани так билинбей каларын окумуштуу И. Абдувалиев мындай белгилейт: Илик жөндөмөсүнүн мүчөсү түшүрүлүп айтылганда таандык кылуу маанилеринде аныктык белгилер туюндурулбай калат да, абстракттуулук маани пайда болот: *комуз күүсү, тоо жели, гезит кагазы*. Бул жөндөмө мүчөсүнүн түшүрүлүп айтылуусу көбүнчө ыр саптарында кездешет. Күн нуру бизге төгүлдү, Күмүшүм аччы көңүлдү [И. Абдувалиев, 2008:66]. Бул мисалда көрүнүп тургандай күн деген сөздө илик жөндөмөсүнүн мүчөсү түшүп айтылгандыгына карабастан, таандык маани туюнтулуп турат.

Өзбек тилинде да илик жөндөмөсүнүн эки түрдүү болорун окумуштуулар белгилешкен: 1) белгилүү илик жөндөмөсү (белгили қаратқич келишиги), 2) белгисиз илик жөндөмөсү (белгисиз қаратқич келишиги). Эгерде –нын мүчөсү түшүп калбай, реалдуу таандыкты билдирсе белгилүү илик жөндөмөсү (қаратқич келишиги) деп аталат. Мисалы: кишлокнинг боги (кыштактын багы) мында кыштакка тиешелүү бак жөнүндө кеп болду. Ал эми илик жөндөмөсүнүн мүчөсү түшүрүлүп айтылса белгисиз илик жөндөмөсү (қаратқич келишиги) деп аталат. Мисалы: кишлок боги [С. Усмонов, 1978:90]

Белгисиз илик жөндөмөсүндөгү (қаратқич келишиги) зат өзүнөн кийинки зат менен грамматикалык жана маанилик жагынан өтө тыгыз байланышта болот. Ошол себептүү илик жөндөмөсүнүн (қаратқич келишигинин) белгилүү же белгисиз болушу лексикалык гана маанисине байланыштуу болот да ал сөздөр белгилүү илик жөндөмөсүндө (қаратқич келишигинде) турушат: *Энчилүү заттар*: Туйгуннинг пальтоси; *Бүтүндүн бөлүгүн билдирген заттар*: уйнинг деразаси; Ээлик милдет аткарган зат менен генетикалык байланыштагы затты билдирүү үчүн: *тоганинг жияни*

Ал эми грамматикалык маанидеги сөздөр белгисиз илик жөндөмөсүндө (қаратқич келишигинде) болушат: *туш вақти*. [С. Усмонов, 1978:91]

Түркологдордун пикири боюнча тилдин тарыхындагы негизги өнүгүү этаптарын чагылдыруучу тилдин элменттери негизинен ар бил тилдин диалектилик формаларында сакталат. Мына ошондуктан кыргыз жана өзбек тилдериндеги илик жөндөмөсүнүн тарыхый жактан калыптануусундагы айрым

өзгөрүүлөрдү сактаган жана аталган тилдердин салыштыруу планында үлгү катарында каралган диалектилик фактыларга кайрылуубуз максатка ылайыктуу деп эсептейбиз. Анткени өзбек тилинин айрым диалектилериндеги жөндөмөлөр системасынын сандык көрсөткүчү бир кыйла өзгөрүүлөргө дуушар болгон. Башкача айтканда, кыргыз тилине салыштырмалуу өзбек тилиндеги жөндөмөлөр системасындагы фонетикалык омонимия бир кыйла ачык жана формалдык жактан так манифестацияланат.

Өзбек тилинин *й* тыбышын сөз башында активдүү колдонушкан диалектилеринде илик (караткич), табыш (тушум) жана барыш (жуналиш) жөндөмөлөрүнүн морфологиялык көрсөткүчтөрүнүн фонетикалык жактан толук бойдон дал келүүсү ал тилдеги гана эмес жалпы түрк тилдериндеги жөндөмөлөр системасынын категория катарында калыптануусундагы өзгөчө тарыхый этап катарында мүнөздөлөт. Мындай көрүнүш кыргыз тилинде орун албагандыгын кыргыз тили орто кылымдардагы иран тилинин басымында болбогондугу жана түрк тилдерине тиешелүү болгон сингармонизм мыйзамын азыркы күнгө дейре сактап келгендиги менен да түшүндүрүлөт. Өзбек тилиндеги илик (караткич), табыш (тушум) жана барыш (жуналиш) жөндөмөлөрүнүн морфологиялык көрсөткүчтөрүнүн фонетикалык омонимиясы кыргыз жана өзбек тилдериндеги жөндөмө категориясынын калыптануу процессинин татаалдыгы жана башка тилдик системалар менен болгон алакасынын чагылуусу катарында да мүнөздөлөт. Төмөндө өзбек тилинин йчыл диалектилериндеги илик (караткич), табыш (тушум) жана барыш (жуналиш) жөндөмөлөрүнүн морфологиялык көрсөткүчтөрүнүн фонетикалык омонимиясын, жчыл диалектилик аймактары менен салыштырабыз.

Өзбек тилинин сөз башында й тыбышын активдүү колдонгон диалектилеринде *(Й-ловчи шеваларда)* илик жөндөмөсүнүн морфологиялык көрсөткүчүнүн негиздин финалдык тыбышына карай өзгөрүүсү *(Ташкент говору боюнча)*

| Жөндөмөлөр | Үндүү тыбыштан кийин | Үнсүз тыбыштан кийин |
|---|---|---|
| 1.Атооч ж. (Б. к.) | Ø | Ø |
| 2.Илик ж. (К. к.) | *-нъ* | *нг, в, й* үнсүздөрүнөн сон *-нъ*, калган учурларда негиздин финалдык үнсүзүнө жараша *-мъ,-лъ,-шъ,-зъ,-гъ* формасында ылайыкташып келет. |
| 3.Барыш ж. (Ж. к.) | *-га, -гд* | *-га//-кд ~ -ќд* |
| 4.Жатыш ж. (У.п.к.) | *-гд* | *-дд//-тд* |
| 5.Чыгыш ж. (Ч. к.) | *-дан, -ддн*<br>*- нан, -ндн* | *-ддн//-тдн* |

[ Ш.Шоабдурахмонов, 1962:151]

Таблицадагы жөндөмөлөр системасынын грамматикалык көрсөткүчтөрүнүн сандык жана сапаттык өзгөчөлүгүнөн иран тилинде сүйлөгөн элдер менен тыгыз тилдик алакада өнүккөн өзбек тилинин жөндөмөлөр системасынын калыптануусу бир канча маанилүү тарыхый этаптарды башынан өткөргөндүгү көрүнүп турат. Ошондой эле өзбек тилиндеги жөндөмөлөрдүн сандык жактан кыскаруусу сапаттык жактан өзгөрүүгө алып келбеген учурда деле жөндөмө категориясынын мыйзам катарында тарыхый жактан калыптануусуна өз таасирин тийгизе алган.

Өзбек тилинин жөндөмө категориясындагы жогорудагыдай өзгөчөлүктө, тарыхый фактылардын сакталып калгандыгы айрыкча сөз башында ж үнсүзүн активдүү колдонгон аймактарда байкалат. Жөндөмөлөр сандык жана сапаттык жагынан бир канча өзгөчөлүктөргө ээ болсо да ар бир жөндөмөнүн бири-бирине салыштырмалуу өз алдынчалыгы сакталган. Мындай формалык жактан болгон кескин айрмачылыктар кыргыз тилинде байкалбагандыгы менен Фергана өрөөнүндөгү кыргыз говорлорунда кээде илик жөндөмөнүн ордуна табыш жөндөмөнүн мүчөсү колдонуларын окмуштуу Б. М. Юнусалиев баса көрсөтүү менен азыркы кыргыз тилинин түштүк диалектинин говорлорунда үндүүлөр менен аяктаган негиздерге илик жөндөмөсүнүн морфологиялык көрсөткүчү уланган учурда *-нын* аффиксинин баштапкы уяң н үнсүзү жумшак д тыбышы менен алмашарын, мындай фонетикалык алмашуу жалпы жөндөмө категориясынын сандык жана сапаттык жактан болгон айырмачылыгына алып келбестигин белгилеген. [Б. Юнусалиев, 2013,]

Өзбек тилинин Икон, Карабулак говорлорунда илик (караткич) жөндөмөсү –ынг, -инг мүчөлөрүнүн жардамы менен да уюшулат. Мисалы, *атынг, итинг.* Ал эми Карши говорунда фонетикалык омонимиянын активдүүлүгү күчтүү. Аталган говордо жөндөмө категориясы 4 гана жөндөмө менен чагылдырылат. Й-чыл говорлорунда илик (қаратқич) жөндөмөсү табыш (тушум) жөндөмөсүн уюштурган –ны,-ды,-ты аффикстери менен да жасалары иликтөөлөрдөн көрүндү. Мисалы: уларды уч оглы бар (алардын үч уулу бар). [ Ш.Шоабдурахмонов, 1962:147]

Мындай сандык жактан кыскаруу кыргыз тилинде байкалбайт. Демек кыргыз тилиндеги жөндөмө категориясын толук калыптанган тилдик категория катарында белгилөөгө болот. Бирок кыргыз тилинин жөндөмө категориясындагы айрым грамматикалык жактан дал келүүчүлүктү И.А.Батманов байыркы тилдик доордон сакталган көрүнүш катарында түшүндүрүп, тилдеги жөндөмө категориясы калыптана элек мезгилде мындай дал келүүчүлүк мыйзам ченемдүү деген пикирин билдирген [И.А.Батманов: 1938, 45].

Жыйынтыктап айтканда өзбек тилинин көпчүлүк диалектилеринде илик жана табыш жөндөмөлөрүнүн милдетин бир гана жөндөмө мүчөсү -ны аткарат. Жөндөмөлөрдөгү мындай фонетикалык омонимияны тилдин байыркы абалынан сакталган көрүнүш катарында эмес, өзбек тилиндеги жөндөмө категориясынын калыптануу этабы катарында мүнөздөө туура. Анткени Орто Азиянын социалдык-экономикалык жана маданий борборуна жакын жайгашкан өзбек уруулары ар дайым башка тилдик системалар менен активдүү алакада болуп келген. Ошондой эле орто кылымдарда Орто Азияда түзүлгөн тилдик ареалга иран тилинин таасири күчтүү болгон. Тилдердин ортосунда болгон мындай маанилүү карым-катыш жалпы түрк тилдериндеги фонетикалык жана грамматикалык өзгөчөлүгүнө жараша жаңы формалардын жаралуусуна өбөлгө түзгөн десек жаңылышпайбыз.

Окумуштуулар кыргыз тилинде өзбек тилиндегидей жөндөмөлөр категориясындагы сандык жактан кескин кыскаруу жок экендигин, жөндөмөлөр системасы туруктуу категория катарында бир кыйла эртерээк калыптангандыгын белгилешкен. Алсак, окумуштуу Г. Бакинова өз эмгегинде «Грамматикалык жагынан кыргыз тилинин диалектилери бири-биринен өтө аз айырмаланарын белгилеп, ал эми лексикалык жагынан айырма көп экендигин, аны изилдөөнүн мааниси өтө зор экендигин" баса көрсөткөн [Г. Бакинова:1956, 123].

**Адабияттар:**


1. Абдувалиев И. Кыргыз тилинин морфологиясы. – Бишкек, 2008-66б.
2. Бакинова Г. Кыргыз тилинин Ош говорлору. – Ф.,1956. -123б.
3. Батманов И. А. Употребление падежей в киргизском языке . – Ф., 1938, – Казань.- 45 с.
4. Шоабдурахманов Ш. Узбек адабий тили ва узбек халк шевалари. 1962. -141б.
5. Усмонов С. Узбек тили. – Ташкент, 1978:91
6. Юнусулиев Б.М. Кыргыз диалектологиясы. – Бишкек, 2013.